**“Мекенибиздин гүлдөп өсүшүнө татыктуу салым кошолу”**
**1-4-класстары үчүн тарбиялык саат**

**Сабактын тиби:** малымат берүү.
**Сабактын формасы:** өз ара аракеттенишүү.
**Колдонулган методдор:** топтук иш, мээге чабуул, суроо-жооп, талдоо.
**Ресурстар:** Гүлдөп өскөн мекенибиз – Кыргызстан жөнүндө видео же сүрөт, патриоттуулук жөнүндө ырлар.

**Сабактын максаттары:**
**Билим берүүчүлүк:** “патриот”, “патриоттуулук”, “Кыргызстандын гулдөп өсүшү” тууралуу малыматтарды берүү менен окуучулардын Кыргызстандын гүлдөп өсүшүн элестетүүсүн камсыздоо .
**Өнүктүрүүчүлүк:** топтордо патриоттуулук ырларын көркөмдөп окууну, чечмелөөнү, мекени үчүн патриоттор кандай кызмат аткарышарын ролдоштуруп аткарууну, сүрөт тартууну онүктүрүү.
**Тарбиялык:** Ар бир кенже окуучунун патриоттуулук сезимин козгоп, келечекте патриот болуу менен мекени үчүн кызмат кылуу жөндөмдөрүнүн ойгонушун камсыздоо.

**Сабактын жүрүшү:**

1. **Уюштуруу**

а) **Тактоо.** Мугалим окуучулардын катышуусун тактайт, сабакка болгон ой жүгүртүүсүн топтоп, сабакты баштайт.
б) **Активдештирүү**. Мээге чабуул стратегиясын колдонуп айрым сөздөрдү чечмелөө:
- Балдар “патриот” деген сөздү кандай түшүнөсүңөр? “Патриоттор” кандай адамдар, кандай иш-аракеттерди жасашат? Мисалы Чолпонбай Түлөбердиев, Касым Тыныстанов, Чынгыз Айтматовдой инсандарыбыз мекенибиздин патриоттору экенин айтып берсеңер? “Мекенибиз гүлдөп өсөт” деген сөздү ким кандай түшүнөт, өз сөзүңөр менен айтып берсеңер?

**2. Жаңы малымат.** Мугалим малыматты ыр (сүрөттөр, видеолор) аркылуу берет. Балдар эми төмөнкү ырды көркөм окуйлу (угалы, көрөлү), мазмунун жакшылап түшүнөлү, сөз эмне жөнүндө болот экен.

**Кумар Асанов**
**Кыргызстан**

Кыргызстан — тоолордун мекени,
Тунук суулар, токойлор, кендери.
Кылымдарга түбөлүк жашай бер,
Өсө бергин, гүлдөгүн, мекеним.
Көк асманды тиреген тоолорум,
Ак булутту жандаган зоолорум.
Жаратканым сулуулук бериптир,
Айтып бүткүс эң бир кооз мекеним.
Кайырма:
Кыргызстан — ыйык мекен,
Кыргызстан, койнуң кенен.
Кыргызстан, Кыргызстан,

Коргойбуз сени бек туруп!
Ата Журтум, Ала-Тоом, мекеним,
Коргойбуз биз, сактайбыз өзүңдү.
Күн нуруна бөлөнүп жергебиз,
Кыргызымдын эрдигин даңктайбыз.
Ала-Тообуз — элимдин тиреги,
Көк асманга желбирейт желеги.
Кыргызымдын эрдигин даңктайбыз,
Бабалардын салтын биз барктайбыз.

https://kyrgyz-audio.com/wp-content/uploads/mp3/a_73287.mp3

- Балдар, бул ыр силерге эмнеси менен жакты? Эмне жөнүндө экен?

*Балдардын жооптору. Талкуулоо, мугалим малыматтарды тактайт, толуктайт.*

**3. Практикалык иш. Класстагы окуучулар 3 топко бөлүнүшөт.**

Топто:

- 1-топ – ырды көркөм окушат;
- 2-топ – ырдын мазмунун айтып беришет;
- 3-топ – ырдын мазмунуна карата сүрөт тартышат.

МЕКЕНИМ КЫРГЫЗСТАН

Көркөмдүү кенен төрү бар,
Берметтей тунук көлү бар.
Таңшыган тоодо булбулдай,
Талантты сүйгөн эли бар.
Ырыскы берген ченебей,
Кылымга жетер кени бар.
Ала-Тоо менен курчалган,
Керилип жаткан жери бар.
Мөмөсү таттуу дүйнөдө,
Гүлүнөн дагы бал аккан.
Жеримдин көркөм дастанын,
Акындар мактап жазганын.
Жарыя салып ырдашсын,
Жалындуу уул-кыздарың.
Аталар бизге калтырган,
Аздектеп жүрүп сан жылдан.
Комуздун күүсү жаңырган.
Кымбатсың бизге баарынан.

1-топ көркөм окуп берет, 2-топ ырдын мазмунун кара сөз түрүндө айтып берет, 3-топ мазмунду чагылдырып тарткан сүрөтүн көрсөтүп комментарий беришет

**4. Бышыктоо**

Мугалим: *Улуулардын мурасын улаган, ата журтун ар убак аздектеп, көзүнүн карегиндей сактай билген, элине, жерине жакшылык, бейпилчилик тилеген, жакшылыктан үмүт үзбөгөн, алыс-жакын жүргөн кыргызымдын уул-кыздары эл-жерди алга сүрөп турат – булар кыргыз элинин патриоттору* экенин эсибизде сактайлы, балдар.

Эми суроолорго жоопторду силерден угалы:

- Жогорудагы ыр саптарындагыдай болгон тынчтыкта жашоо үчүн биз кандай окуучу болушубуз керек?
- Патриот болуу үчүн өзүбүздү кандай сапаттарга тарбиялашабыз керек деп ойлойсуңар?
- Учурда "патриот" деп эсептеген инсандардан атап, ата-журту, ыйык мекенине кандай кызмат кылганы тууралуу айтып берсеңер?
- Сен келечекте ата мекениңдин гүлдөп өсүшүнө кандай салымыңды кошосуң?
- Силердин класстын окуучулары мектебиңердин, ага жакын жерде жайгашкан жайлардын, (эстеликтердин, эмкананын, клубдун, китепкананын) айланасын таштандылардан арылтып, жууп, тазаласа, анда алар мекен үчүн кызмат кылды деп эсептейсиңерби?

5. **Жыйынтыктоо.**

Урматтуу окуучуларым, бүгүн силер менен өз мекенин, өз эли-жерин коргогон, гүлдөп өсүшүнө салымын кошкон патриот адамдар жөнүндө сөз кылдык. Силердин келечегиңер кең, ынтымакта, тынчтыкта бактылуу балалыкта татыктуу билим аласыңар, эли-жериңерди коргоого, өнүгүп-өсүүсүнө өз салымыңарды кошот деген ойдомун. Буга силердин суроолорго жооп бергениңер, ой-пикирлериңер мисал боло алат.

6. **Баалоо.**

Урматтуу кенже класстын окуучулары, бүгүнкү сабакка активдүү, эң жакшы катыштык, баарыбызда патриоттуулук сезимдерибиз козголуп, мекенди, эли-жерин сактаган патриоттордон боло турганыңарды байкап калдым, азаматсыңар!

7. **Үйгө тапшырма.**

"Ата Мекенибиз – Кыргызстандын гүлдөп өсүшүнө кошкон салымыбыз" темасында дилбаян жазып келүү.

Аттокурова Ч.А., Мектепке чейинки жана башталгыч
мектептик билим берүү лабораториясынын башчысы